# Гуманитардык усулдук бирикменин 2021-2022- окуу жылында аткарылган иштери боюнча мүчөлөрүнө анализ

Усулдук бирикмеде бардыгы 7 мугалим
Мерчем боюнча предметтик ачык сабактар жана класстан тышкаркы иштер аткарылды. Кыргыз тилчилер: - Бектурсунова Чолпон, Осмоналиева Мээрим.
Орус тилчи: -Кокумова Жыпар.
Чет тилчилер: -Өмүркулова Айтбүбү, Пузулуева Патма
Тарых мугалими- Айтыкулова Айгүл.

1. Осмоналиева М. - кыргыз тили жана адабияты мугалими, жогорку билимдүү. Эмгек стажы - 9 жыл. Мамлекеттик тилдин 3 айлыгынын мерчеми боюнча иш алып барды.

Усулдук бирикмеде төмөнкү темада баяндама окуду.
1) „Чынгыз Айтматов түбөлүк жашайт".
2) „Тил –акылдын ачкычы" .

Ачык сабактарды көрсөтмөлүү, инновациялык ыкмаларды колдонуу менен өттү. „23-сентябрь- Мамлекеттик тил күнү" деген кече өттү, дубал газета чыгарды.

Сентябрь, октябрь, ноябрь айлары боюнча мамлекеттик тилдин 3 айлыгынын программасын түзүп, аны аткарууга активдүү катышты. 23-сентябрда – мамлекеттик тил күнүнө карата 5-11-класстар арасында „Тилим менин сыймыгым" –деген темада класстан тышкаркы иш өткөрдү.

6-класста „Алыкул Осмонов" деген темада ачык саат өттү.

Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан ар кандай сынактарга, дилбаяндардын сынактарына активдүү катышып турду. Мисалы:
9-11- класстарда „Аялуу жан сырын адам дилинде , айта алат бир гана эне тилинде"

Сунуш: Усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштеш керек. Өз билимин өркүндөтүү талап кылынат.

2. Кокумова Жыпар: Усулдук бирикменин жетекчиси, орус тили жана адабияты мугалими. Эмгек стажы -32 жыл

Декабрь айында 5 -11-класстар арасында администрация мүчөлөрү катышып жат жазуу алынды жана анализденди. Январь айында орус тили жана адабияты боюнча декада өткөрдү. М: Көркөм айтуучулардын сынагын 5–6–7–класстар арасында өткөрдү. Орус тили кабинети жаңыртылды, көрсөтмө куралдар менен толукталды. Сабакты ар кандай инновациялык ыкмаларды колдонуу менен жогорку деңгээлде өтөт.
Кокумова Ж. –тажрыйбасы жайылтылган, үлгүлүү мугалим.

3. Пузулуева Патма- 3-5-6 –9–11–класстардын чет тил мугалими. 1-2-3-4- класстарга орус тилинен сабак берет.

Март айында чет тили боюнча декада өттү.
1– күнү: Декаданын ачылышы: „ Чет тилин окуп үйрөнөлү" деген темада баяндама окуду.
2– күнү: Англия жазуучуларынын чыгармасынан көркөм окуу сынагы

7 –8–9–10–11–класстар арасында өттү.

3– күнү: Диалогдор менен иштөө.

4– күнү: Көркөм чыгармалардан сүрөт тартуу.

5– күнү: Сценка: „Бир тууган гримдердин жомоктору” фрагмент.

6– күнү: Декаданын бир жумалык жыйынтыгы. Усулдук бирикменин мүчөлөрү тарабынан анализденди.

Сунуш:1) Предметтик ачык сабакты өз убагында өтсө

2) Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштеш керек.

4. Бектурсунова Ч. – мектепте кыргыз тили мугалими

5-8–9– класстарга кыргыз тили жана адабияты сабагынан сабак берет. Өз предметин сүйөт, терең жана татыктуу билим берет. Сабагы турмуш менен байланыштырылат, кызыктуу өтөт. „ Манастын бала чагы” деген темада жыйынтыктоо сабагын өттү. Мамлекеттик тилдин 3 айлыгын өткөрүүдө мерчем боюнча өткөрүлүүчү иш чаралардын бардыгын талаптагыдай аткарды. Областтык окуу үйрөтүмүндө „Эне –үйдүн куту, бала - мамлекеттин келечеги” деген темада жалпы мектептик иш чара өттү.

Сунуш: Усулдук ыкмаларды пайдалануунун үстүндө иштеш керек.